# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2004-жылдын 7-августу N 108*

## Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы N 223, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 19-февралындагы N 22, 2013-жылдын 8-майындагы N 68, 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жогорку жана башка кызмат адамдарынын кирешелеринин ачыктык менен айкындуулук тутумун, алардын Кыргызстандын элинин алдындагы отчеттуулугун жана жоопкерчилигин түзүүгө багытталуу менен алардын кирешелерин декларациялоого байланышкан укуктук мамилелерди жөнгө салат.

**1-статья. Ушул Мыйзамдын колдонулуш чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзам төмөнкү кызматтарды ээлеп турган адамдарга карата жайылтылат:

Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси, жетекчисинин орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчысы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалуучу мамлекеттик органдардын жетекчилери;

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы, Төрагасынын орунбасарлары жана депутаттары;

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Төрагасы, анын орунбасары жана Кыргыз Республикасынын, Конституциялык сотунун судьялары;

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасы, анын орунбасарлары жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары, ошондой эле жергиликтүү соттордун судьялары;

Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри жана вице-премьер-министрлери;

Кыргыз Республикасынын министрлери жана мамлекеттик комитеттеринин төрагалары, административдик ведомстволордун жетекчилери;

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы;

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору жана анын орунбасарлары, ошондой эле областтардын, Бишкек, Ош шаарларынын прокурорлору, адистештирилген прокуратуралардын прокурорлору жана райондук прокурорлор;

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы;

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы жана анын орунбасарлары;

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы;

бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу борбордук жана жергиликтүү органдардын жана ыйгарым укуктуу салык органдарынын жетекчилери;

финансы полициясынын борбордук жана жергиликтүү органдарынын жетекчилери;

Өкмөттүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү;

жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилери жана Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери;

республикалык маанидеги шаардык кеңештин төрагасы, областтык маанидеги шаардык кеңештин төрагасы;

областтык маанидеги шаардын мэри, райондук маанидеги шаардын мэри.

2. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат оруңдарынын реестрлеринде көрсөтүлгөн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган башка адамдарга карата да колдонулат.

*(КР 2013-жылдын 19-февралындагы N 22, 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Декларация берүү милдети**

1. Ушул Мыйзамдын 1-статьясында көрсөтүлгөн адамдар (мындан ары - декларанттар) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте, аларга жана алардын жакын туугандарына тиешелүү кирешелер, чыгымдар, мүлкү жана милдеттенмелери жөнүндө маалыматтарды камтыган декларация (мындан ары - декларация) берүүгө милдеттүү.

Ушул Мыйзамдын маңызы боюнча декларанттын жакын туугандары болуп:

а) күйөөсү (аялы), жашы жетпеген балдары;

б) анын багуусунда же толук камкорчулугунда болгон, же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык декларанттын багуусунда болууга укугу бар адамдар;

в) декларанттар алардын жашоо, билим алуу, саламаттык-сактоо жана башка зарыл чыгымдар жаатында каржылык сарптоолорду көтөрүүчү жашы жеткен балдары, ата-энелери, ага-инилери, эже-сиңдилери, эже-карындаштары.

2. Декларация берүү милдетин аткаргандык Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган декларация берүү милдетинен бошотпойт.

*(КР 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Декларацияда көрсөтүлүүгө тийиш болгон мүлк жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар**

1. Декларацияда декларанттын жана анын жакын туугандарынын менчигиндеги мүлк:

1) кыймылсыз мүлк;

2) кыймылдуу мүлк - транспорт каражаты, акча каражаты (улуттук жана четөлкөлүк валютада), баалуу кагаздар, ишканалардын капиталындагы аларга таандык үлүшү, асыл жана жарым-жартылай асыл металлдардан, кубулма жана асыл таштардан жасалган зергерчилик буюмдары, арзан баалуулардан тышкары малы жана башка үй жаныбарлары, жарандар менен юридикалык жактарга карата каржылык жана башка мүлктүк талаптар, ошондой эле маданий баалуулук болгон мүлк жана мыйзамдарда белгиленген тартипте байыркы деп табылган буюмзаттар жөнүндө маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

2. Эгерде декларанттын жарандардын жана юридикалык жактардын алдында каржылык милдеттенмелери болсо, декларацияда милдеттенменин суммасынын өлчөмүн кошуп алганда алар жөнүндө да маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

**4-статья. Кирешелер жана чыгымдар, аларды алуу жана сарптоо булактары жөнүндө маалыматтар**

1. Декларацияда ушул Мыйзамдын 3-статьясында саналып өткөн маалыматтардан башка декларант жана анын жакын туугандары тарабынан отчеттук мезгилде алынган бардык кирешелери жана чыгымдары, анын ичинде чет өлкөдөн келип түшкөн көрсөтүлгөн каражаттардын келип чыгуу булактары тууралуу маалыматтар да көрсөтүлүүгө тийиш. Декларацияны берген адамдын кирешелери катары улуттук жана чет өлкөлүк валютада алынган төмөнкү мүлк жана суммалар эсептелет:

а) эмгеги үчүн сый акы жана ушундай башка төлөмдөр;

б) интеллектуалдык менчик объекттерин пайдалануунун натыйжасында алынган сый акы;

в) аманаттар же карыздар бергендик үчүн кошуп эсептелген пайыздар же башка компенсациялар;

г) дивиденддерди кошуп алганда ишкердик иштен алынган кирешелер; биржа бүтүмдөрүнөн түшкөн кирешелер, жарандык-укуктук бүтүмдөрдөн алынган башка кирешелер;

д) мелдештерде, сынактарда алынган байгелер, ошондой эле лотереялардагы, кумар оюндарындагы утуштар; эгерде алар мыйзам менен белгиленген жүз эсептик көрсөткүчтөрдөн ашып кетсе, белек, материалдык жардам же мурас катары алынган акчалай каражаттар жана/же башка мүлк;

е) камсыздандыруу келишимдери боюнча алынган суммалар;

ж) жөлөкпулдардын, стипендиялардын, пенсиялардын жана бир жолку төлөмдөрдүн бардык түрлөрү;

з) эгерде алар жүз эсептик көрсөткүчтөрдөн ашып кетсе, жогоруда көрсөтүлгөн ар кандай башка булактардан алынган кирешелер өңдүү келип түшүү булактары көрсөтүлүүгө тийиш.

1-1. Эгерде мүлктүн наркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүнөн 3000 эседен ашып кетсе, ушул Мыйзамдын 3-статьясынын 1-пунктунда көрсөтүлгөн мүлккө менчик укугун же башка укукту сатып алуу боюнча бүтүмдөр, ошондой эле көрсөтүлгөн бүтүм анын эсебинен жасалган каражаттарды алуунун булактары декларанттардын жана анын жакын туугандарынын чыгымдары болуп эсептелет.

2. Эгерде декларант менен анын жакын туугандарынын пайдасына жана алардын билүүсү менен жарандар жана юридикалык жактар тарабынан камсыздандыруу төлөмдөрү жүзөгө ашырылса, декларацияда төлөмдөрдүн суммасын кошуп алганда ал жөнүндө маалыматтар да көрсөтүлүүгө тийиш.

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы N 223, 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-статья. Декларация берүүнүн тартиби, шарттары жана мөөнөттөрү**

1. Декларация төмөнкүдөй берилет:

ушул Мыйзамдын 1-статьясында каралган кызматка шайланган же дайындалган учурда, ал кызматка шайлангандан же дайындалгандан кийин ал кызмат ордун ээлеген күндөн тартып отуз күндүн ичинде;

бир кызматтан экинчисине которулган учурду кошуп алганда ушул Мыйзамдын 1-статьясында каралган кызматта турган мезгилде - отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбестен жыл сайын 1-январдан 31-декабрга чейинки мезгил отчеттук жыл деп эсептелет;

ушул Мыйзамдын 1-статьясында көрсөтүлгөн кызматтан бошогон учурда кызматтан бошогон күндөн тартып отуз күндүн ичинде - өтүп жаткан жылдагы мезгил үчүн. 1-январдан тартып декларация берилгенге чейинки күн өтүп жаткан жыл деп эсептелет.

2. Ушул Мыйзамдын 1-статьясында көрсөтүлгөн кызматты ээлеп турган адам кызматтан бошотулган учурда кызматтан бошотулгандан кийинки бир жылдын ичинде жылдык декларацияларды берүүгө милдеттүү. Эгерде кызматтан бошотулган адам ушул Мыйзамдын 1-статьясында каралган башка кызматка дайындалса (шайланса), анда бул ченем колдонулбайт.

3. Декларация мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет.

Декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун, ошондой эле декларациянын формасынын, аны толтуруунун, берүүнүн, эсепке алуунун жана сактоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2013-жылдын 19-февралындагы N 22, 2013-жылдын 8-майындагы N 68, 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**6-статья. Мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары**

1. Мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:

а) декларанттардын реестрин жана алынган декларациялардын эсебин жүргүзөт жана каттайт, алардын сакталышын жана ачыкка чыгарууга жатпаган маалыматтардын жашырындуулугун камсыз кылат;

б) ведомстволук сайтта декларациянын бланкын, кирешелердин, чыгымдардын, мүлктүн жана милдеттенмелердин классификаторун, ошондой эле декларацияны толтуруу жана тапшыруу боюнча нускаманы жайгаштырат;

в) декларанттарга декларацияларды өз убагында берүү зарылдыгы жөнүндө кабарлайт, берилүүчү декларациялардын жана аларда көрсөтүлүүчү маалыматтардын толуктугун жана аныктыгын камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт;

г) декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтарды иликтейт; зарыл болгондо декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтардын толуктугуна жана аныктыгына талдоо жүргүзүү үчүн мамлекеттик кызматчынын, ошондой эле анын жакын туугандарынын кирешелери, мүлкү жана милдеттенмелери жөнүндө маалыматтар сакталуучу мамлекеттик органдарга суроо-талап жиберет; ушул Мыйзамдын колдонулушуна туура келген адамдардын кирешелерине, мүлкүнө жана милдеттенмелерине тиешелүү мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардан жана жарандардан келип түшкөн маалыматтарды иликтейт; зарыл болгон учурда отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-майына чейин декларанттар менен биргелешип декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтарды тактайт;

д) декларанттар 1-майга чейин беришкен декларацияларга декларация бергенден кийин оңдоолорду киргизүүгө мүмкүнчүлүк түзөт;

е) жыл сайын 1-сентябрга чейин декларациялоо кампаниясынын жыйынтыктары жөнүндө отчетту Кыргыз Республикасынын Президентине жана бул жөнүндө маалыматты тийиштүү сунуштоолору менен кошо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берет;

ж) иштери улуттук коопсуздукту камсыз кылуу менен байланышкан административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган адамдарды кошпогондо, саясий, атайын жана административдик кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын, ошондой эле алардын жакын туугандарынын кирешелери, чыгымдары жана мүлкү жөнүндө жыйынды маалыматтарды жарыялайт;

з) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка ыйгарым укуктарды аткарат.

2. Иштери улуттук коопсуздукту камсыз кылуу менен байланышкан мамлекеттик кызмат орундарынын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

3. Декларациядагы маалыматтар толук эмес жана/же анык эмес экени 1-майдан кийин белгиленген учурда, мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тийиштүү маалыматты бир айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жиберет жана ал жөнүндө маалыматты ар жылдык отчетто чагылдырат.

*(КР 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-статья. Декларацияда камтылган маалыматтарды берүү жана жарыялоо**

1. Мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Мыйзамдын 1-статьясында каралган адамдардын кирешелери, чыгымдары жана мүлкү жөнүндө жыйынды маалыматтарды расмий бюллетенде жарыялайт, көрсөтүлгөн маалыматты ведомстволук сайтка жайгаштырат.

2. Декларацияда көрсөтүлгөн:

а) декларанттын жана анын жакын туугандарынын жашаган жери, телефон номери жөнүндө жана алар менен түз байланышка чыгууну жүзөгө ашыруу каражаттарына тиешелүү башка маалыматтарды;

б) декларацияда көрсөтүлгөн мүлктүн турган жери жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарылууга жана жарыялануууга жатпайт.

3. Мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул статьянын 2-пунктунда каралган маалыматтын купуялыгын камсыз кылат. Купуя маалыматты ачыкка чыгаргандык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

4. Декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтар, белгиленген тартипте прокуратура органдарына берилиши мүмкүн.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2015-жылдын 20-июлундагы N 177 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-статья. Ушул Мыйзамдын жоболорун бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Декларацияны белгиленген мөөнөттө бербеген же купуя маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча укукка сыйбаган аракеттер жасалган учурда күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

Декларацияны аны берүүнүн мөөнөттөрүн бузуу менен берген, берилген декларацияда толук эмес жана анык эмес маалыматтар болгон учурда мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бул адамдар жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялайт жана тиешелүү материалдарды Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарына жиберет.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-статья. Мыйзамдын күчүнө киргизилиши**

1. Ушул Мыйзам 2005-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин ушул Мыйзамдын 1-статьясында көрсөтүлгөн адамдар ушул Мыйзамда каралган 2004-жыл үчүн декларацияны 2005-жылдын 1-майына чейин мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына берүүгө милдеттүү.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргелешип:

- ушул Мыйзамды ишке ашыруу максатында ушул Мыйзамдан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

- өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**

**2004-жылдын 30-июнунда**

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин Мыйзам**
**чыгаруу жыйыны тарабынан**
**кабыл алынган**